# Alternativa Film Labs Борбор Азияда жаңы билим берүү циклин баштады жана Development Lab программасына катталууларды жарыялайт

Коммерциялык эмес Alternativa Film Project тин негизги багыттарынын бири - өз өлкөсүнүн киноиндустриясын өнүктүрүүгө кызыккан, жергиликтүү социалдык көйгөйлөрдү изилдеп, алардын үнүн коомчулукка жеткизүүнү көздөгөн, кино чыгармачылыгынын ар кандай баскычтарындагы режиссёрлор үчүн **Alternativa Film Labs** акысыз билим берүү программалары эсептелет. 2024-жылы Alternativa Film Labs кайрадан Борбор Азияда өткөрүлүп, үч кинолабораториядан турат: Teen Lab (жайында Ташкентте), Impact Lab (күзүндө Бишкекте) жана Development Lab. Development Labга катышуу үчүн open call **1-мартта** ачылып, 28-апрелге чейин созулат.

**Development Labтын** чыгармачыл лабораториясы Борбордук Азиядагы кинорежиссерлорго арналып, алардын сценарий жазуу жана продюсерлик жөндөмүн өнүктүрүү жана жаңы профессионалдык байланыштарды түзүүнү каалагандар үчүн иштелип чыккан. Лабораториянын максаты - кинодолбоорду потенциалдуу өнөктөштөргө жана эл аралык кино институттарына, ошондой эле аймактагы кардарларга жана продюсерлерге көрсөтүү үчүн даярдоо. Development Labтын окутуучулары эл аралык фестивалдардын режиссерлорунан баштап ийгиликтүү продюсерлерге жана эл аралык эксперттерге чейин тармакта чоң тажрыйбасы бар кино чеберлери болот. Алардын арасында, мисалы, «About Productions» кинокомпаниясынын продюсери, режиссер жана Доха кино институтунун окутуучусу - Мириам Сассин (Ливан) айта алабыз.

Development Lab эки багытта окутуу программаларын камтыйт: **продюсерлик жана сценарий жазуу секциялары**. Продюсерлик секция долбоорду концепциясынан тартып эл аралык жана аймактык каржылоону табуу үчүн документтердин толук пакетине чейин иштеп чыгууга арналган. Сценарий жазуу секциясы – толук метраждуу көркөм фильмдин сценарийин баштапкы этабынан баштап даяр текстке чейин толук даярдоону үйрөтүү. Секциялар бир убакта өткөрүлүп, үч модулду камтыйт: биринчиси июнь айынын башында Бухара шаарында (Өзбекстан), экинчиси – августтун аягында онлайн режимде, үчүнчүсү – октябрдын аягында Алматыда (Казакстан) өтөт.

Development Labга Казакстан, Кыргызстан, Өзбекстан, Тажикстан жана Түркмөнстандан баштапкы баскычтагы толук метраждуу көркөм тасмалардын долбоорлору бар кинорежиссерлор катыша алат. Мындан тышкары, ар бир секцияда азырынча кинодолбоору жок, бирок өз күчүн кино тармагында сынап көргүсү келген адабият, журналистика, драматургия, визуалдык искусство же видеоблогинг тармагында иштеген авторлорго орун берилет. Мындай катышуучулар кесиптештеринин долбоорлорун менен иштешет. Жалпысынан лабораторияга 20дан ашык адам катыша албайт (ар бир секцияда 10дон ашык эмес). Программа модуль өтүүчү жерлерге чейинки жол кирени жана жаткан жерин камсыздап берет. Катышуучуларга коюлган талаптар жана алардын долбоорлору тууралуу толук маалымат alternativa.film сайтында жарыяланган.

Development Labтын кинолабораториясына тандоонун жыйынтыгы **16-майда** чыгарылат.

**Анна Гудкова, Alternativa Film Labsтын жетекчиси**: “Узакка окутуу программалары биздин билим берүү демилгелерибиздин эң негизги, эң маанилүү жана система түзүүчү элементи болуп саналат. Development Labда биз бир эле учурда бир нече маселени чечебиз. Биз Борбордук Азиянын таланттуу кинорежиссерлорунун сценаристтик жана продюсерлик көндүмдөрүн өнүктүрүү мүмкүнчүлүгүн гана камсыз кылбастан, ошол эле учурда профессионалдык чөйрөнү түзөбүз. Биздин лаборатория аркылуу авторлор өз долбоорун каржылатуу үчүн катышуучу-продюсерлерди таба алышса, катышуучу-продюсерлер лабораторияда жасалган долбоорлорду издей алышат. Программанын өтө маанилүү элементи долбоорлордун питчинги. Ага биз дүйнөлүк киноиндустриядан эксперттерди чакырууну пландап жатабыз, алар презентацияга түз же онлайн катышышат. Ушундай жол менен биз бул аймактын ар кайсы өлкөлөрүнөн келген катышуучуларды күчтүү бир топко бириктирүүгө жана Борбордук Азиянын жаңы толкунунан болгон келечеги бар кинолорду өндүрүшкө даярдоого жардам берүүнү каалайбыз".

---

Alternativa Film Project - 2023-жылы Борбор Азияда глобалдык технологиялык компания inDrive түптөгөн эл аралык коммерциялык эмес долбоор. Долбоор өнүгүп келе жаткан киноиндрустиядагы киночулардын кыймылын колдоо жана өнүктүрүү үчүн түзүлгөн. Анын миссиясы – биздин дүйнө жөнүндө түшүнүгүбүздү кеңейтип, аны жакшы жакка өзгөртүүгө жардам бере турган эмгектердин авторлорун дүйнөлүк аренага таанытуу; алардын профессионалдык өсүүсүнө жардам берүү, локалдык киноиндустрия жана кинокоомчулуктарынын өнүгүшүнө күчтүү таасир этүү.

Alternativa Film Labs – кинорежиссерлор үчүн кино тартуу жана коомдук демилгелер боюнча көндүмдөрдү жана эрежелерди үйрөткөн акысыз билим берүү программалары. Бул авторлорго өз долбоорлорун бекемдөөгө, аудиториясын кеңейтүүгө жана билимдин же ресурстардын жетишсиздигинен улам экрандарда көрсөтүлө элек маанилүү окуяларды айтып берүүгө жардам берет. 2023-жылы Alternativa Film Labs командасы Алматыда импакт лабораториясын (Impact Lab) жана Борбордук Азиянын продюсерлери жана режиссёрлору үчүн питчинг боюнча онлайн курсун (Pitching Training), ошондой эле Бишкекте өспүрүмдөр үчүн киносеминар (Teen Lab) өткөрдү. Программанын окутуучулары жана тьютору болуп Гаагадагы адам укуктары жана социалдык маселелерди чагылдырган тасмаларга арналган Эл аралык кинофестивалдын көркөм жетекчиси Марги де Кениг; Think-Film Impact Production медиа компаниясынын негиздөөчүсү Даниел Турков; Вим Ванакер, Канн кинофестивалындагы кыска метраждуу тасмалар сынагына тандоо комиссиясынын мүчөсү, питчинг боюнча адистер тандалып алынды. Alternativa Film Labs 2023 сынагынын жеңүүчүлөрү Берлиндеги Европа кино рыногунун алкагында өз долбоорлорун көрсөтүү жана өнүктүрүү үчүн барышты: Даниел Бергер Fiction Toolbox программасынын, Бану Рамазанова Doc Toolbox программасынын катышуучусу болду; Диана Жилкенова менен Элиер Немат European Film Marketке аккредитацияга ээ болушту, ал эми Alternativa Impact Lab сынагынын жеңүүчүсү Асел Аушакимова Берлиналедеги Talent Project Market питчингинде экинчи орунду ээледи.

---

**Медиа байланыштар**

Анна Васильева anna.vasilyeva@alternativa.film